**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ПЕДАГОГИКА. ПСИХОЛОГИЯ**
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ПЕДАГОГИКА. ПСИХОЛОГИЯ
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PEDAGOGY. PSYCHOLOGY

e-ISSN: 1694-8742
№ 1(8). 2026, 46-51

УДК: 37.091
DOI: https://doi.org/10.52754/16948742_1(8)_5-2026

# ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА БАЛДАР АДАБИЯТЫ: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН КЫЗЫГУУСУН АРТТЫРУУ ЖОЛДОРУ

## СОВРЕМЕННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ДЕТСКАЯ ЛИТЕРАТУРА: ПУТИ ПОВЫШЕНИЯ ИНТЕРЕСА ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

## MODERN TECHNOLOGIES AND CHILDREN'S LITERATURE: WAYS TO ENHANCE THE INTEREST OF PRESCHOOL-AGED CHILDREN

**Сакиева Сайипжамал Салайдиновна**
*Сакиева Сайипжамал Салайдиновна / Sakieva Saiipjamal Salaidinovna*

педагогика илимдеринин доктору, профессор, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
*доктор педагогических наук, профессор, Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова*
*Doctor of Pedagogical Sciences, Professor, B. Osmonov Jalal-Abad State University*
s-sakieva@mail.ru
ORCID: 0009-0003-1520-3492

---

**Асаналиева Мээргүл Максуталиевна**
*Асаналиева Мээргүл Максуталиевна / Asanalieva Meergul Maksutalievna*

педагогика илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик университети
*кандидат педагогических наук, Ошский государственный университет*
*Candidate of Pedagogical Sciences, Osh State University*
*Корреспонденцияга жооптуу автор / * Корреспондирующий автор / * Corresponding author
meergul_asanalieva@mail.ru
ORCID: 0009-0009-5939-1484

Түшкөн датасы / Дата поступления/ Date of receipt: 11.08.2025
Кабыл алынган датасы / Дата принятия/ Date of adoption: 20.02.2026
Жарыкка чыккан датасы / Дата публикации / Publication date: 29.06.2026

# ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА БАЛДАР АДАБИЯТЫ: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН КЫЗЫГУУСУН АРТТЫРУУ ЖОЛДОРУ

**Аннотация**
Бул макалада заманбап технологиялар менен балдар адабиятынын өз ара байланышы жана алардын мектепке чейинки курактагы балдардын кызыгуусун арттыруудагы ролу каралат. Интерактивдүү китептер, мобилдик тиркемелер жана мультимедиалык каражаттар аркылуу балдарга маалымат берүү жана алардын окууга, чыгармачылыкка болгон умтулуусун өстүрүүгө өбөлгө түзөрү белгиленет. Ошондой эле педагогдордун, адабиятчылардын жана окумуштуулардын пикирлерине таянып, технология менен адабиятты айкалыштыруу жолдору талданат. Улуттук контентти санариптик форматта өнүктүрүү, ата-энелердин жана мугалимдердин колдоосу балдардын билим алуусунда өзгөчө мааниге ээ экени баса белгиленет. Балдар адабиятынын жана заманбап технологиялардын айкалышы балдардын интеллектуалдык, эмоционалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, жалпы жашоо тажрыйбасын жакшыртууга жардам берет. Окуу процесси кызыктуу жана оюн түрүндө өтсө жыйынтыгында жакшы натыйжаларды көрсөтө алышат.
***Ачкыч сөздөр:*** мектепке чейинки курак, адабий көндүм, калыптандыруу, сөз байлыгы, элестетүү, чыгармачылык, баалуулуктар, заманбап технология.

***Современные технологии и детская литература: пути повышения интереса детей дошкольного возраста***

**Аннотация**
В данной статье рассматривается взаимосвязь современных технологий и детской литературы, а также их роль в повышении интереса у детей дошкольного возраста. Отмечается, что передача информации детям через интерактивные книги, мобильные приложения и мультимедийные средства способствует развитию их стремления к чтению и творчеству. Кроме того, на основе мнений педагогов, литературоведов и ученых анализируются способы интеграции технологий и литературы. Подчеркивается, что развитие национального контента в цифровом формате, а также поддержка родителей и учителей имеют особое значение в образовании детей. Сочетание детской литературы и современных технологий способствует интеллектуальному и эмоциональному развитию детей, в целом, помогая улучшить их жизненный опыт. Если процесс обучения проходит в увлекательной игровой форме, можно достичь хороших результатов.

***Ключевые слова:*** дошкольный возраст, литературные навыки, формирование, словарный запас, воображение, творчество, ценности, современные технологии.

***Modern Technologies And Children's Literature: Ways To Enhance The Interest Of Preschool-Aged Children***

**Abstract**
This article examines the relationship between modern technologies and children's literature, as well as their role in increasing the interest of preschool children. It is noted that providing information to children through interactive books, mobile applications, and multimedia tools fosters their desire for reading and creativity. Furthermore, based on the opinions of educators, literary scholars, and researchers, ways to integrate technology and literature are analyzed. It is emphasized that the development of national content in a digital format, along with the support of parents and teachers, is of particular importance in children's education. The combination of children's literature and modern technology promotes children's intellectual and emotional development, helping to improve their overall life experience. When learning takes place in an engaging, playful way, excellent results can be achieved.

***Keywords:*** preschool age, literary skills, formation, vocabulary, imagination, creativity, values, modern technology.

**Киришүү**

Бүгүнкү күндө заманбап технологиялар балдардын жашоосунун ар бир тармагына кирип, алардын дүйнөнү кабыл алышын өзгөртүп жатканы маалым. Интернет, электрондук китептер, интерактивдүү оюндар жана башка санариптик түзмөктөр мектепке чейинки балдардын билим алуу процессине чоң таасир тийгизүүдө. Ошол эле учурда, балдар адабияты да билим берүү жана тарбиялоо аспектилеринде маанилүү ролду ойнойт. Балдардын кызыгуусун арттыруу үчүн адабияттын жана технологиянын айкалышын изилдөө өзгөчө мааниге ээ. Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн заманбап технологияларды колдонуу баланын инсандык жана интеллектилик өнүгүүсүнө чоң түрткү берет.

Көрүнүктүү педагог М. Монтессоринин ыкмасы боюнча, баланын кызыгуусун колдоо жана ага эркиндик берүү - билимге болгон табигый умтулуусун арттырат. Заманбап технологиялар интерактивдүү жана өз алдынча үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн бергендиктен, мектепке чейинки балдарга натыйжалуу таасир эте алат. Балдар өз алдынча үйрөнгөндү жакшы көрүшөт. Эгерде технология аларга өз алдынча таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн берсе - бул чоң ийгилик экендигин баса белгилейт (Эльконин, 2007).

Заманбап технологиялардын мектепке чейинки балдарга тийгизген таасири учурда абдан актуалдуу маселе. Технологиялар жана мультимедия ресурстары мектепке чейинки балдардын билимин, эмоциялык жана когнитивдик өнүгүүсүн жакшыртууда чоң роль ойногондуктан, аларга адекваттуу контентти сунуштоо маанилүү. Электрондук китептер, ар кандай оюндар жана мобилдик тиркемелер балдар үчүн окууну кызыктуу жана канааттандырарлык кылып жасалууда.

1. *Интерактивдүү китептер.* Электрондук жана мультимедиялык китептер сөздөрдү, сүрөттөрдү жана анимацияларды бириктирип, балдарга окууну өздөштүрүүдө жардам берет. Мындай китептерде сюжеттин акикатчылык көрүнүштөрү жана интерактивдүү элементтер, мисалы, тапшыруулар, оюндар жана сырларды чечүү учурлары балдардын кызыгуусун арттырат.

2. *Мобилдик тиркемелер жана оюндар.* Бүгүнкү күндө көптөгөн мобильдик тиркемелер балдар үчүн атайын иштелип чыккан. Алар жөнөкөй тилде үйрөнүү процессин кызыктуу кылып, баланын аң-сезимин ачат, ошондой эле математикалык жана логикалык тапшырмаларды аткарууга жардам берет.

3. *Виртуалдык жана кошумча чындык.* Виртуалдык жана кошумча чындык аркылуу балдар жаңы дүйнөлөргө саякат жасап, аларды изилдеп, жаңы информацияны ого бетер кызыктуу жана динамикалуу түрдө үйрөнүшөт.

"Интерактивдүү окуу материалдары - бул жөн гана көңүл ачуучу курал эмес. Алар балада кыска убакыт ичинде туруктуу кызыгууну ойготот, эгер туура колдонулса" - деп жазып С.А. Козлова өз эмгектеринде жана интерактивдүү технологиялар баланын ой жүгүртүүсүн жана логикалык жөндөмүн калыптандырууда чоң жардам бере турганын белгилейт (Козлова, 2001).

Балдар адабияты жана технологиянын айкалышынын учурдагы абалы. Балдар адабияты жана заманбап технологияларды айкалыштыруу аркылуу мектепке чейинки балдардын окууга болгон кызыгуусун арттырууга болот. Кыргыз адабияты боюнча изилдөөчү: "Балдар адабияты баланын тилине, курактык өзгөчөлүктөрүнө жана кызыгуу дүйнөсүнө шайкеш болушу керек. Азыркы замандын балдары үчүн заманбап технологиялар бул байланышты чыңдоонун бирден-бир жолу болуп калды" - деген ой-пикири да абдан маанилүү (Жунусова, 2016).

Мындай айкалыш балдарга чыгармачылык, ойлонуу жана өз алдынча үйрөнүү жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Мисал катары төмөнкүлөргө токтолуп кетели:

1. *Адаптацияланган электрондук китептер.* Балдар адабиятынын классикалык чыгармалары электрондук форматта жандандырылып, аудио жана визуалдык эффекттер аркылуу жаңыланган. Бул балдардын көңүлүн бурууну жана окутууну жеңилдетет.

2. *Интерактивдүү тажрыйбалар.* Балдар үчүн жазылган чыгармаларда интерактивдүү элементтерди киргизүү алардын окууга болгон кызыгуусун арттырат. Мисалы, электрондук китепте балдар ар кандай суроолорду берип, жооп ала алышат, же кээде китептин жүрүшүн өзгөртүп, өз тандай алышат.

3. *Кооперативдик билим берүү.* Балдар үчүн жаратылган билим берүү платформалары жана тиркемелер иштелип чыгып, аларды биргелешип иштөөгө, жамааттык түрдө маалыматты кабыл алууга жана чыгармачылык боюнча көйгөйлөрдү чечүүгө түрткү берет.

Балдар жазуучусу жана адабият таануучу К. Чуковский: "Балдар китеби - бул чоңдордун эмес, баланын жан дүйнөсүн ачып берген дүйнө. Аны жеткирүү формасы өзгөрүшү мүмкүн, бирок руху сакталууга тийиш" (Чуковский, 2003). К. Чуковскийдин бул оюу азыркы санариптик доордо да актуалдуу. Электрондук китептер, аудиокитептер, визуалдык элементтер – формасы жаңыланат, бирок мазмуну – адамдык баалуулуктар, эмоциялар жана табият менен байланыш – башкы орунда калышы керек.

Мектепке чейинки курактагы балдардын *балдар адабиятына кызыгуусун арттыруу жолдору:*

1. Окуу процесстерин оюн формасында уюштуруу. Балдар үчүн окуу оюн түрүндө болушу керек. Мисалы, сөздөрдү үйрөнүү үчүн интерактивдүү оюндарды колдонуу же тиркемелер аркылуу бул билимди көңүлдүү жана кызыктуу кылууга болот.

2. Өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн берүү. Технологиялар балдарга өз алдынча изилдөөнү жана чыгармачылыгын арттырууга жардам берет. Кошумча чындык же виртуалдык чындык аркылуу балдар бир теманы терең үйрөнүп, ар түрдүү ыкмалар менен аны изилдей алышат.

3. Көрнөкүүлүк жана мультимедиа контенттеринин колдонулушу. Сүрөттөр, анимациялар жана видеолор балдардын кызыгуусун арттырып, алардын түшүнүүсүн жеңилдетет. Мектепке чейинки балдар үчүн чыгарылган балдар китептеринде көркөм элементтер көп болушу керек.

4. Ата-энелердин жана мугалимдердин катышуусу. Мектепке чейинки балдардын кызыгуусун арттырууда ата-энелердин жана мугалимдердин ролу чоң. Алар балдардын кызыгуусун билип, аларды кызыктыруучу контент менен камсыз кылышы керек. Технологияларды колдонууда ата-энелердин жардамы менен балдардын кызыгуусун сактап калууга болот.

Wisconsin-Madison университетинин профессору, медиа жана бала өнүгүүсү боюнча адис Хизер Киркориан заманбап технологиялардын балдарга тийгизген таасири тууралуу мындай деген пикирин жазат. "Эгерде ата-эне же тарбиячы технологияны туура колдонсо, экрандын алдында өткөрүлгөн убакыт - бул жоготулган убакыт эмес, билимдин жаңы формасы" (Асаналиева & Сакиева, 2024) Анын изилдөөлөрүндө көрсөтүлгөндөй, технологияны туура колдонуу менен мектепке чейинки балдарда окууга, чыгармачылыкка жана өз алдынча ойлонууга кызыгуу арта тургандыгын белгилейт.

Заманбап технологиялар жана балдар адабияты: мектепке чейинки курактагы балдардын кызыгуусун арттыруу жолдорунун учурдагы абалына анализ жасап көрө турган болсок, бүгүнкү күндө балдар адабияты жана заманбап технологиялардын айкалышы активдүү өнүгүүдө. Санариптик билим берүү каражаттары мектепке чейинки билим берүү

мекемелеринде жана үй-бүлөлүк тарбияда кеңири колдонулуп келет. Бул тенденция бир нече маанилүү өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт:

*Биринчиден.* Электрондук жана интерактивдүү китептердин көбөйүшү. Электрондук жана аудиокитептердин жеткиликтүүлүгү мектепке чейинки курактагы балдарга адабият дүйнөсүн жаңыча, кызыктуу формада таанытууга мүмкүнчүлүк берип жатат. Бул форматта окурмандын активдүүлүгү жогорулап, каармандар менен “өз ара аракет” мүмкүнчүлүгү пайда болууда.

*Экинчиден.* Мультимедия контенттердин кеңири колдонулушу. Анимация, интерактивдүү оюндар, мультфильм түрүндөгү окуу материалдары балдардын көңүлүн буруп, окууга болгон кызыгуусун арттырат. Буга кошумча, технологиялар балдардын курактык психологиясына ылайыкташтырылып иштелүүдө.

*Үчүнчүдөн.* Технологияны туура колдонуудагы кыйынчылыктар. Айрым учурларда технологияны ашыкча колдонуу балдардын көңүл топтоо жөндөмүнө терс таасир тийгизет. Мындан тышкары, сапатсыз жана мазмуну туура эмес мультимедия каражаттары балдарга зыян келтириши мүмкүн. Ошондуктан ата-энелердин жана тарбиячылардын тандоодо этият болушу талап кылынат.

*Төртүнчүдөн.* Кыргыз тилиндеги жана улуттук мазмундагы контенттин жетишсиздиги. Кыргызча балдар адабиятынын санарип форматтагы ресурстары аз. Көпчүлүк контент орус, англис же башка чет тилдеринде болгондуктан, кыргыз тилин жана улуттук баалуулуктарды камтыган китептердин электрондук версияларын түзүү – күн тартибиндеги актуалдуу маселе бойдон калууда.

Мектепке чейинки курактан баштап заманбап технологиялар аркылуу балдар адабиятына кызыгуусун арттыруу жолдорунун келечеги тууралуу анализ жасап көрө турган болсок, заманбап технологиялар жана балдар адабияты келечекте дагы терең интеграцияланып, бала тарбиясы жана билим берүүдөгү негизги куралдардын бири болуп калат деп күтүлүүдө. Бул багытта бир нече маанилүү өнүгүү векторлорун белгилесе болот:

1. Жасалма интеллект жана балдар адабияты. Жакынкы келечекте AI (жасалма интеллект) негизинде иштеген интерактивдүү окуу платформалары пайда болуп, алар баланын кызыгуусуна жана өнүгүү деңгээлине ылайыкташкан окуу материалдарын автоматтык түрдө сунуштайт. Мындай технологиялар баланын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык билим берүүнү колдоого алат.

2. AR/VR технологиялар аркылуу окуу тажрыйбасын тереңдетүү. Кошумча чындык (AR) жана виртуалдык чындык (VR) технологиялары балдар адабиятын жандандырып, окуу процесси сымал оюнга айланып калат. Бала каармандар менен "жүзмө-жүз" байланышта болууга жетишет, ал эми окуянын чордонуна өзү катышкандай таасир алат.

3. Улуттук контентти өнүктүрүү. Кыргыз тилинде жана улуттук баалуулуктарды чагылдырган балдар адабиятын санариптештирүү менен, балдардын тилин, маданиятын жана руханий дүйнөсүн өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Бул ишти мамлекеттик колдоо, чыгармачыл адамдардын активдүүлүгү жана ИТ адистер менен кызматташуу аркылуу жүзөгө ашырууга болот.

4. Педагогикалык интеграция жана ата-эне менен бирдиктүү иштөө. Келечекте технологиялык каражаттардын мазмунун түзүүдө педагогдор, психологдор жана ата-энелердин кызматташуусу маанилүү болуп калат. Себеби мазмун гана эмес, колдонуудагы тарбиялык жана өнүктүрүүчү ыкмалар дагы маанилүү болот.

Заманбап технологиялар мектепке чейинки балдарга адабиятты жеткирүүдө жаңы

мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Бирок бул процессте мазмундун сапаты, баланын курактык өзгөчөлүгү, улуттук нарк-насил, педагогикалык ыкмалар жана ата-эне көзөмөлү чечүүчү ролду ойнойт. Келечекте адабият менен технологиянын тең салмактуу айкалышы — баланын дүйнөсүн кеңейтүүчү жана кызыгуусун арттыруучу негизги фактор болот (Выготский, 2018).

**Корутунду**

Заманбап технологиялар балдар адабиятынын потенциалын кеңейтүүдө маанилүү ролду ойнойт. Технологиялар жана интерактивдүү контент мектепке чейинки балдардын билим алууга болгон кызыгуусун жогорулатуу үчүн эффективдүү курал болуп саналат. Балдар адабиятынын жана заманбап технологиялардын айкалышы балдардын интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, алардын жалпы жашоо тажрыйбасын жакшыртууга жардам берет. Окуу процесси кызыктуу, ачык жана оюн түрүндө өтсө, балдар билимге болгон кызыгуусун жоготпой, анын жыйынтыгында жакшы натыйжаларды көрсөтө алышат.

**Адабияттар**

Асаналиева, М. М., Сакиева, С. С. (2024). *Мектеп жашына чейинки балдарга балдар адабиятын колдонуу технологиясы* (175).

Выготский, Л. С. (2018). *Ойлоо жана сүйлөө*. Лабиринт, (263).

Жунусова, А. (2016). *Балдарга арналган чыгармачылык: тил, мазмун, курактык өзгөчөлүк*, 3–4.

Козлова, С. А. (2001). Мектепке чейинки педагогика. *Мектепке чейнки билим берүү,* 28–32.

Чуковский, К. (2003). Эки жаштан беш жашка чейинки курак. *Мектепке чейнки билим берүү,* (98).

Эльконин, Д. Б. (2007). *Балдар психологиясы: өнүктүрүү психологиясы.* Академия, (124).